Германия Федеративдүү
Республикасынын Элчилиги
Бишкек

бул. Эркиндик 21
Орион бизнес-борбору
720040 Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы
Виза бөлүмүнүн телефону: + 996-312-627100
Факс: +996-312-627135
Германиядан факс: + 49 30 1817 67193
Электрондук почта: visa@bisc.diplo.de
Интернет: www.bischkek.diplo.de

# Ыктыярчынын визасы

# (Freiwilliges Soziales Jahr / Bundesfreiwilligendienst)

## Жалпы көрсөтмөлөр

Bundesfreiwilligendienst волонтердук кызматына тапшырууда эмнени эске алуу керек?
Сиздин келишимге сиз гана эмес, ошондой эле үй-бүлө жана жарандык коом боюнча федералдык бюро (BAFzA), ошондой эле кабыл алуучу тарап жана зарыл болсо, волонтердук кызматтын өкүлүнүн башкы уюму кол коюшу керек.

Freiwilliges Soziales Jahr (FSJ) жаштардын ыктыярдуу жылына же Freiwilliges Ökologisches Jahr (FÖJ) ыктыярдуу айлана-чөйрөнү коргоо жылына тапшырууда эмнени эске алуу керек?
Эгерде сиз ыктыярчы боло турган уюмдун келишиминде же ырастамасында жатакана жана тамактануу тууралуу маалымат жок болсо, анда жашоңуздун камсыз кылуу тууралуу кошумча далилдерди келтириңиз.

Келишимге кандай минималдуу шарттар камтылышы керек?
– келишимдин тараптарын так аныктоо
– келишимдин башталышы жана мөөнөтү
– ыктыярдык кызматтын ишинин түрү жөнүндө маалымат
– ыктыярчынын милдеттери
– иштеген жерин жана эмгек акысын көрсөтүү
– келишимге келишимдин бардык тараптары кол коюшу керек (федералдык ыктыярдуу кызматты аткаруу мүмкүнчүлүгүн берүүчү базалык уюм/Түз волонтердук кызматты уюштуруу/ ыктыярчы) түп нускада.

Сизге немис тилин билүү керекпи?
Эгерде сизде немис тили боюнча базалык билимиңиз жок болсо, волонтердук кызмат өтө турган уюмдан/өкүлдөн ырастоо талап кылынат, бул тилди билүү баштапкы этапта талап кылынбайт жана сиз аларды келгенден кийин тил курстарынан ала аласыз деген.

**Документтериңизди тапшыраардан мурун “Улуттук визага кайрылуу боюнча жалпы нускама” баракчасын окуп чыгыңыз! Бардык документтер немис тилине котормосу менен берилиши керек. Бардык оригиналдар жана бардык котормолор 2 көчүрмө менен берилиши керек.**

– Күбөлүктөр, дипломдор жана башка документтер түп нускасында берилиши зарыл. Сиздин арызыңыз каралып чыккандан кийин документтер кайра кайтарылат.
– Виза үчүн федералдык ишке орноштуруу агенттигинин макулдугу жана айрым учурларда Германиянын чет өлкөлүктөрдүн иштери боюнча тиешелүү ведомствосунун макулдугу керек. Виза аталган ведомстволордун макулдугунан кийин гана берилиши мүмкүн.

- **Эреже катары, документтерди карап чыгуу мөөнөтү 3-5 жуманы түзөт,** кээ бир учурларда көбүрөөк убакытты талап кылат.
- Арыз тапшыруу учурунда билеттерди алдын ала сатып алуу талап кылынбайт – билеттерди визаңызды алгандан кийин алыңыз.
- Элчилик кошумча документтерди талап кылууга укуктуу.
- Документтердин толук эмес пакети арызды карап чыгуу мөөнөтүн узартып, виза берилбей калышы мүмкүн.
- **Документтер каралып жаткан учурда арыздын статусу тууралуу суроодон алыс болуңуз.** Сиз виза бөлүмү үчүн олуттуу кошумча жумуш түзүп жатасыз, ошондуктан мындай суроо-талаптар жоопсуз калышы мүмкүн.

Төмөнкү тизме сизге, белгинин жардамы менен, документтер пакетиңиздин толук экендигин текшерүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бардык документтер көрсөтүлгөн формада тапшырылышы керек.

| **Виза арызынын контролдук тизмеси** |
|---|
| **Төмөнкү документтер ар бир арызга толук топтомдо тапшырылышы керек.** |
| ☐ Жашап туруу уруксатын алуу үчүн 1 арыз, анын ичинде § 54 аймакта болуу мыйзамына ылайык арыз, толук толтурулган жана кол коюлган |
| ☐ 2 актуалдуу биометрикалык фотосүрөттөр (1 чапталган, 1 бош; өлчөмү: 3,5х4,5; 6 айдан ашпаган; ретуш жасалбаган) |
| ☐ Жарактуу эл аралык паспорт (арыз ээси өзү кол койгон, кеминде 2 бош баракчасы бар) |
| ☐ Жеке маалыматты камтыган жарактуу паспорттун барагынын 1 жөнөкөй көчүрмөсү. |
| ☐ Германияда волонтердук кызмат жөнүндө келишим/макулдашуу түп нускада (жогорудагы шарттарды караңыз) |
| ☐ Автобиография (таблица түрүндө) өз алдынча түзүлгөн көчүрмөсү менен, кенемтесиз, айрыкча билимиңиздин сүрөттөлүшү менен/ жана эгерде бар болсо эмгек ишмердигиңиз менен |
| ☐ Мотивациялык кат; катта Германияда болуу менен байланышкан күтүүлөр, күтүлгөн кесиптик жана жеке тажрыйба, ошондой эле келечектеги пландар камтылышы керек. |
| ☐ Немис тилин билүүнүн далили. Эгерде сизде немис тили боюнча базалык билимиңиз жок болсо, волонтердук кызмат өтө турган уюмдан/өкүлдөн ырастоо талап кылынат, бул тилди билүү баштапкы этапта талап кылынбайт жана сиз аларды келгенден кийин тил курстарынан ала аласыз деген. |
| ☐ Медициналык камсыздандыруу. Эгерде иш берүүчү камсыздандырууну камсыз кылууга милдеттенсе, анда Германиянын аймагына киргенден баштап волонтердук иш башталганга чейин медициналык камсыздандыруу полисин берүү зарыл. |
| **Башка жарандыгы менен арыз берүүчүлөр** |
| ☐ Кыргыз Республикасында жашап турууга/жашоого уруксатына ээ экендигин тастыктоо |
| **Виза төлөмдөрү** |
| ☐ Виза акысы 75 евро. Төлөм кыргыз сому менен жүргүзүлөт. |
| **Толуктуулук** |
| Толук топтомдогу арыз:<br>☐ооба ☐жок, жогоруда айтылган маалыматтар/документтер жок |
| **Документтер толук эмес болгон учурда түшүндүрмө:** |

Менин арызым толук эмес экендиги тууралуу кабардармын. Документтердин толук эмес пакетин тапшыруу виза берилбей калышына алып келишине мүмкүн экенин билем. Бирок мен документтерди тапшырууну каалайм.

________________________________

жери, датасы, колу.